# «Химиялык билим берүүнүн мазмунун жаңылоо 2025-2026-окуу жылында жаңы предметтик стандарттар жана окуу программаларынын өзгөчөлүктөрү (7-класс)»

*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт /*
*Не использовать в коммерческих целях.*

**Предметтик стандартты жана программаны иштеп чыккандар:**

**Рыспаева Б.С. Кыргыз билим берүү академиясынын жетектөөчү илимий кызматкери, п.и.к. ТИ жана МББ лабораториясынын башчысы**


**Знаменская Н.А, Кенжебаева Т., Байзакова Г., Лозовских мектеп мугалимдери**

## Презентацияны түзгөн:



**Рыспаева Бактыгүл Самыйбековна**

**Кыргыз билим берүү академиясынын жетектөөчү илимий кызматкери, педагогика илимдеринин кандидаты**

**эл. адрес ryspaeva.baktygul@maiI.ru**

Жалпы билим берүүчү уюмдардын 7-12 -класстары үчүн Химиялык билим берүүнүн предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2025-жылдын14-мартындагы №131 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республика-сынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип   чыкты.



# Методологиялык мамилелер


## Жаңы стандарт (2025)

1. Компетенттик мамиле
2 . Системдик структуралык мамиле
3. Мазмундук иш-аракеттик мамиле
4. Инсанга багытталган мамиле
5. Маалыматтык санариптик мамиле
6. Экологиялык коопсуздук мамиле
7. Интегративдик мамиле (STEMдик жана STEAMдык)


# Химия предметинин
# 7-класстагы базистик окуу планындагы  орду

**Табигый илимий билим берүү чөйрөсүндөгү химия предмети 7-класста жумасына 1 саат жыл бою 34 саат окутулат, жогорку класстарга кирищүүгө негизги химиялык түшүнүктөр калыптандырат.**

# Химия 7-класс өзгөчөлүгү 2025-2026 – окуу жылында



# 2025-2026- окуу жылында
# Химия 7-класста жаңы окуу – методикалык комплекс менен окутулат










# VII класста жаңы программада материалдарды тематикалык пландаштыруу

- I ГЛАВА. КИРИШҮҮ (Химия эмнени окутат)
- II Глава. ЗАТТАР (жөнөкөй, татаал) ЖАНА АЛАРДЫН ТҮЗҮЛҮШҮ.
- III Глава. ЗАТТАР ЖАНА АЛАРДЫН КАСИЕТТЕРИ
- IV Глава. КИСЛОТАЛАР ЖАНА НЕГИЗДЕР (ЩЕЛОЧТОР)

**МЕЗГИЛДИК ТАБЛИЦА МЕНЕН ТААНЫШУУ**

## ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНДУК БАГЫТТАРЫ

**Мазмундук багыттар**–окуу материалдарын предметтин негизги идеясы менен түшүнүктөрүнүн айланасына топтоштуруу. Химия предметинин мазмуну төмөндөгүдөй : мазмундук багыттардан турат:



# ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНДУК БАГЫТТАРЫ

1. Затты таанып билүү
2. Заттын курамы түзүлүшү
3. Химиялык реакциялар
4. Заттардын жана химиялык реакциялардын колдонулушу

**Химияны 7-класста окутуудагы өзгөчөлүктөр:**

1. **Окуучунун 12-13 жаш өткөөл курагында абстрактуу ой жүгүртүүсү жаңы калыптана баштайт. Атом, молекула электрондук катмар деген көзү менен көрө албаган материалды кантип окутабыз?**

# Окутуу методу

1.Көрсөтмөлүү (модел, схема, тажрыйба)

2. Проблемалык метод (долборлоо)

3. Тажрыйба аркылуу окутуу методу

Изилдөөчүлүк метод ( эксперименттер , фактыны реалдуу турмуш менен байланыштыруу )

VII класстан баштап химияны окутууда окуучуларга: заттардын курамын, түзүлүшүн жана касиеттерин илимий негизде түшүнүү үчүн практикалык коопсуздук эрежелерин сактоо менен **11 практикалык иш аткарылат.**

Бул практикалык иштер логикалык ой жүгүртүүнү жана эксперименталдык иш көндүмдөрүн калыптандыруу максатын көздөйт.



# ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

- **Таанып билүү жана изилдөөчүлүк;**
- **Илимий жыйынтыктарды пайдалануу, маалыматты аргументтештирүү;**
- **Илимий далилдөөлөрдүн натыйжасын баалоо, чечимдерди кабыл алуу;**
- **Туруктуу өнүгүүгө карай экологиялык сабаттуулукту калыптандыруу;**

## 7-классты окутуудагы күтүлүүчү натыйжалар

- окуучу “химия” илиминин пайда болушу жөнүндө маалыматка ээ болот
- химиянын турмушта колдонулушуна мисал келтире алат
- химия илиминин башка тектеш илимдер менен болгон байланышын түшүнөт

химиялык лабораториядагы жүрүм-турум жана коопсуздук эрежелерин билет, иш жүзүндө сактай алат

- заттардын физикалык абалын таанып билүүчү белгилери аркылуу алардын айырмасын түшүндүрөт жана күнүмдүк турмуштан мисал келтире алат

# 7-класста окуучулардын химия боюнча билим деңгээлин баалоо

- **Оозеки жоопторду баалоонун негизги критерийлери:**
- окуу материалды логикалык ырааттуулукта химиялык тилде эл аралык номенклатураны сактоо менен толук туура, так айтып бере алуусу;
- химиялык кубулуштарды турмуштук прктика менен байланыштырып айтып бере алуусу;
- **Жазуу иштерди баалоонун негизги критерийлери:**
- Заттын химиялык формуласын валенттүүлүктү колдонуу менен так туура жаза билүүсү;
- Химиялык реакцияларды теңдөө жолу менен туура жаза алуусу;

# Химиялык экспериментти аткарууга карата баалоо критерийи

практикалык иштерди ирееттүү коопсуздук эрежесин сактоо менен аткара билүүсү;

экспериментке байкоо жүргүзүү менен баяндап жазып, божомол түзүп, кайра экспериментти өзү аткаруу менен жыйынтык чыгара билүүсү.



# Эксперименттик эсептеп чыгарылуучу маселелерди иштөөгө коюлган критерийлер

- Химиялык эксперименттик маселелерди эксперимент жасоо менен аткара билүүсү;
- Заттарга сандык, сапаттык изилдөө жүргүзө билиши ;

Бул критерийлер окуучулардын ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, теориялык билимин практика менен байланыштыра билүүгө, химиялык тилин өркүндөтүүгө жана табияттагы кубулуштардын химиялык сүрөттөлүшү  боюнча терең түшүнүктү калыптандырууга көмөктөшөт.

| **№ п/п** | **Баалоо иштеринин түрлөрү** | Баалоо салмактарынын болжолдуу бөлүштүрүлүшү |
|---|---|---|
| 1 | Оозеки жооп | 25% |
| 2 | Жазуу тапшырмалары (тесттер, текшерүү иш жана башкалар.) | 20% |
| 3 | Долбоорлоп изилдөө иштери (эксперимент) | 35% |
| 4 | Химиялык маселелерди эсептеп чыгаруу | **20%** |
| | Бардыгы | **100%** |



| Баа | Баллы (%) | |
|---|---|---|
| Эң жакшы | 90–100% | Жооп толук, ырааттуу жана логикалуу, бардык этаптар түшүндүрүлгөн. Эл аралык терминдер химиялык формулалар так жана туура колдонулган. Окуучу жооп берип жатып ишенимдүү, так, ойлорун эркин билдирет.Окуучу маселени чечүүнүн альтернативдүү ыкмаларын сунуштай алат. |
| Жакшы | 75–89% | Жооп негизинен так, бирок майда кемчиликтер же түшүндүрүүнүн жетишсиздиги байкалат. Терминология негизинен туура, бирок майда каталар же так эместиктер бар. Түшүндүрүү так, бирок жооп бир аз ишенимсиз. |
| Канаат Тандырар лык | 50–74% | Жооптун логикасы бар, бирок ыраатсыз же толук эмес. Окуучу химиялык терминдерди толук эмес колдонгон же ката кетирген.Формулаларды колдонууда катачылыктар бар, туура эмес ыкмалар тандалган.Окуучу жооп берүүдө ишенимсиз, токтоп калуулар көп, жооп бүдөмүк. Альтернативдүү ыкмалар жөнүндө билгени байкалбайт, же кыйынчылык менен сунуштайт. |
| Канаат-тандыраар лык эмес | 0–49% | Жооптун түзүлүшү ыраатсыз, түшүндүрүү логикасыз же такыр жок. Терминологияны, формулаларды колдонууда олуттуу каталар бар. Жооп ишенимсиз,. |

# Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат!

*Коммерциялык максатта колдонууга болбойт /
Не использовать в коммерческих целях.*